Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 993
336 ср.
КФ АН СССР гор. Фрунзе

186

993

Абдрахманов Ибрайм

Институт языка, литературы и истории
Отдел рукописей
Инв. № 186
356 ср.
КФ АН СССР гор. Фрунзе

# „Семетей"

## I бөлүм

„Семетейдин Бухарадан Таласка келгени"

1947-ж. сентябрь

№ **мазмуну:** бети


1. Исакын Каныкейге арачылар жибергени. 1
2. Кобоштун Манастын айылын чапканы. 28
3. Каныкейдин качышы. 45
4. Бакайдын Абыке, Кобошту жеңгени. 70
5. Каныкейдин Букарга барганы. 86
6. Семетейди ыссмайыл тарбиялашы. 102
7. Семетейдин Сары таздан ата жонун угушу. 111
8. Каныкейдин жоосоосу. 135
9. Семетейдин эсенасу. 211
10. Семетейдин Таласка келиши. 221
11. Чусмайлы Кыйдын келиши.

Образ жана сүрөттөөлөр б-ча


1. Конокейдин аржана. 61
2. Сара таз. 116
3. Талас. 126
4. Кусм боз. 140
5. Ак ордо. 165
6. Ак олпок. 166
7. Ак келтес. 168
8. Сор найза. 169
9. Ай балта. 170
10. Ачалбарс 171
11. Кандагай. 172
12. Тайбуурул. 174
13. Кусмайык. 175
14. Ак шумкар. 179
15. Желмаян. 182
16. Манас. 226
17. Алмасбай. 226
18. Чубак. 227
19. Бакай. 228

# I. бөлүм.

## „Семетейдин Бухарда өсүп, Таласка келгени"

### I. Жакып, Каныкейге арачаларынын бөргөни.

Төрө Манас өлгөнү,
Төрт айдын жүзү болбостон,
Төрт айга каржан толбостон.
Берен Манас өлгөнү,
Беш айдын жүзү болбостон,
Беш айга каржан толбостон.
Шоорукттун кызы Акылай,
Акылы жок кайырай.
Ашы - жылын бердирбей,
Алыста жакын досторго, 18
Аса, бата кылдырбай
Өз билгенин эл кылып,
Азасын үккүс кеп кылып.
Азыраак жанын кыйнабай,
Арбактын алтын ат сыйлабай.

Агага кишен коюшун,
Кособашко жетип алганы,
Адашка ота кылбаган,
Козмулгон дүйнө жалганы,
Какшап өтмөш кайгырып,
Каныкей шордуу калганы.
Каныкейдин оюнда,
Кара чачы жайылуу,
Кандуу бети тытылуу.
Талаштай бетке так салып,
Белине тасма кур салып,
Ак сарай өтө жүн салып.
Үч убак жоктоп баатырын,
Минтип турган кезинде,
Кандай күн башка түшпөрдөй,
Ар кандай ишгер эсинде.
Мына ушул учурда,
Акылсмап тутулган Абыке,
Агага кызмат кылам деп,
Вишнисындын шарына

Ар түрдүү [illegible] гон асыл

21



мал айдатып кеткени,
Кажбаш жакшы, Кор Кошбош,
Саламаган ишин жеткени.
Бир күнү жакшы ооруну,
Аза тутушу сооругу.
Балдарына күчлөнү,
„Бачым кел!" - деп чыйлону.
Жакшынын үнүн укканда,
Боошу кайгуу чыкканда.
Бак доолоттун беш уулу,
Көдөк Кошбош уулусу,
Медеке, Кочкор үч арасы,
Медет, Седет беш арасы 19
Чоролордун баарысы,
Кыргынчал башты Карысы,
Кажбаш жакшы алдына,
Шашып кала келди жаамысы,
Жана келди жашырак,
Аргын, ногой калысы.